З.Кадыркулова атындагы орто мектебиндеги Профилактикалык кеңешинин аткарылган иштери боюнча маалымдама.

**Профилактикалык Кеңештин негизги максаты жана иштин мазмуну :**

- Укук бузууга жана өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугуна каршы профилактикалык иштер,
- Окуучуларда укуктук маданиятын жана мыйзамдуулук мүнөздүн негиздерин калыптандыруу,
- Балалык укуктарын коргоо.

1. Кеңештин мүчөлөрү мектептин укук бузууларга каршы жүргүзгөн иштерине катыша алат.
2. Профилактикалык Кеңеш коомдук башкаруу уюму катары рекомендациялык мүнөздөгү чечим кабыл алат жана бул боюнча мектеп жетекчилиги мектеп боюнча буйрук чыгара алат.

З.Кадыркулова атындагы орто мектебинде Профилактикалык Кеңешинин бектитилген пландын негизинде 3- чейрек ичинде төмөнкү иш -чаралар каралган:

- Сабактарды көп калтырган балдардын ата-энелери менен иш алып баруу.
- . Рекетчиликке каршы иш чараларды уюштуруу.

Иштин жүрүшүндө Профилактикалык Кеңеш жана Сокулук РИИБнун жаш өспүрүмдөр менен иш алып баруу инспекторлору менен биргеликте төмөнкү иштери аткарылган.

2022 жылдын 9 февралында Сокулук РИИБнун буйругунун негизинде ЖЖИИ участкалык инспектору Адылбаев К.Б., милициянын ага летейнанты Эшенов Б., жана милициянын лейтенанты Жаныбек кызы А. тарабынан "Лидер" аттуу рейди жүргүзүлгөн.

Рейддин максаты мектеп окуучулардын арасында укук бузууларды жана андан чыккан чыр-чатактарды алдын алуу.

Рейд учурунда мектеп ичининдеги лидерлери аныкталып , алдын алуу иштери жүргүзүлдү. Анда 8 класстын "лидер" окуучулары болуп Алымкулов Артык жана Камчыбеков Алихан болуп аныкталган. Айтылган окуучулар мектептеги жалпы эрежелерди бузуп , жүрүм-туруму начар болуп, уруш-чатактарды уюштуруп , сабакты себепсиз калтырып, ошондой эле алардын үстүнө кичүү класстардын окуучулары арыздануулары менен кайрылышкан.

Түшкон арыздануулардын негизинде төмөнкү иш чаралар жүргүзүлдү.

Алдын алуу иштеринин учурунда айтылган балдардын ата-энелери, класс жетекчилери чакырылып, организатор, соц педагог жана Профилактикалык кеңештин мучөлөрү менен биргеликте жыйын өткөрүлүп Алымкулов А. менен Камчыбеков Алиханды мектеп ичиндеги учетко алынуусу жөнүндө чечими чыгарылды.

Чечимдин жыйынтыгында аталган окуучулардын ата-энелерине эскертүү берилип, жана күчөтүлгөн көзөмөлдөө милдеттендирилди.

Андан тышкары рейд учурунда 4-9 класстарынын окуучулары менен чогулуш өткөрүлуп, жаш өспүрүмдөр арасындагы уруш-чатактарды, рекетчиликти жана башка мыйзам бузууларды алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп өттү.

4 чейрекке коюлган милдеттер:

1. Мектеп ичиндеги учетко алынган балдар менен иштөө жана күчөтүү режиминде көзөмөлдөө.
2. Укук бузууларды алдын алуу иштерин дайыма жүргүзүү.

Маалымат жазган соц.педегог Ниязалиева А.А.











